КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын III-кезектеги сессиясынын**
# ТОКТОМ

2025-жылдын 14-февралы №8 Барскоон айылы

**Барскоон айыл аймагында коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү максатында көзөмөл камераларын орнотууга акча каражатын бөлүү жана Тамга жана Тосор айылдарына милиция бөлүмчөлөрүн курууга жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Коомдук тартипти сактоо жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жергиликтүү тургундар менен иш алып баруусуна шарт түзүү максатында, Жети-Өгүз райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу К.Тюлегеновдун кайрылуусун карап, КРнын “Жергиликтүү администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесине жана КРнын Жер кодексинин 18-беренесинин 3-пунктунун таянып, туруктуу комиссиялардын корутундуларынын негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Жети-Өгүз райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу К.Тюлегеновдун кайрылуусу канагаттандырылсын:

1.1. Барскоон айыл аймагында 8 даана көзөмөл камераларын орнотууга (Барскоон – 4, Тамга – 2, Тосор – 2) жергиликтүү бюджеттен 800 000 (сегиз жүз миң) сом акча каражаты бөлүнсүн.

1.2. Тамга айылына милиция бөлүмчөсүн курууга 0,10 га жер тилкеси бөлүнүп берилсин.

1.3. Барскоон айыл аймагынын Тосор айылына милиция бөлүмчөсүн жана спорттук аянтча курууга жалпы 0,20 га жер тилкеси бөлүнүп берилсин.

2. Тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жана токтомго ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу, чечүү жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаевге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин каржы-экономикалык, бюджет жана инвестиция тартуу жана муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска